**Генерал С. Самсалиев атындагы Жогорку-Аларча жалпы билим беруу орто мектебинин 2018-2021- окуу жылдагы стратегиялык өнуктүрүү планынын отчету**

2018- жылы өтүлгөн аккредитациянын жыйынтыгы боюнча мектеп жамааты мектептин миссиясын жана 2018-2023-окуу жылдары үчүн стратегиялык өнүгүүнүн планын кабыл алды.

**Стратегиялык максат №1 Окутуунун сапатын жана натыйжалуу усулдарды өздөштүрүү аркылуу окуучуларга билим берүү**

Бул стратегиялык максатта кутүлүүчу натыйжалар: Ата-Мекенин сүйгөн , улуттук баалуулуктарды сыйлаган, жоопкерчиликтүү, активдүү , эркин , боорукер, мобилдүү, ден соолугу чың инсанды тарбиялоо .

2018-2019 – окуу жылында окутуунун интерактивдүү формаларын колдонуу (топ менен иштөө, диспут, тест, анкета жана башкалар) менен окуучулардын билим сапаты 36.2 % болду. Талантуу балдар менен иштөө үчүн мектепте “Жаш кыял” ыр хор , “Кыз кербез” комуз, “Уз бийке”бий, англис тили, менталдык арифметика, драмкружок, ошондой эле спорт кружокторy -грек-рим күрөшү, кыргыз күрөшү, футбол, волейбол, баскетбол, шахмат боюнча иштеп жатат.

2019-2020 – окуу жылында мугалимдер заманбап технологияларды колдонуу 80 % жетти. Билим сапаты 37.2% болду.Менталдык арифметика боюнча курсу ачылып , 35окуучу активдуу катышышты . Менталдык арифметика боюнча конкурска катышып, Кубанычбеков Нуржигит байгелүү орунга ээ болду. Драмкружокту атайын шаардан келген театр студиясынын жаштары уюштуруп бир нече жакшы спектаклдарды, мисалы Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата , чыгармаларынан үзүндүлөрдү аткарышты, 8-март апалардын майрамына карата “Сокур эне” аттуу чыгарманы сахналаштырып аткарышты. Жаш өспүрүмдөргө менен “Мен жашоону сүйом”аттуу көркөм адабий кечени даярдап, балдарга актердук чеберчиликти үйрөтүп, кызыгуусун арттырган. Бул кружок пандемия учурда ишин токтотуп койду. 5 -класстан баштап олимпиадалык резерв түзүү максатында, мектепте жакшы окуган окуучулар менен өз алдынча иш алып баруу, зээндүү балдар менен иштөө планы тузулду. ,

2020-2021 –окуу жылында билим сапаты 41. % көтөрүлдү. Пандемия учурунда аралыктан окутууда балдар үйдө өз алдынча сабакка даярдангандыктан жана алардын окууга кызыгууларын арттыруу үчүн баалар көтөрмөлөнүп коюлду. Аралыктан окутууда мугалимдер ZOOM, Google Meet, Classroom аркылуу конференцияларга катышып,өз билимдерин өркүндөтүштү. Мугалимдер бир нече сабактардын, класстык сааттардын иштелмелерин даярдашты. Мисалы, С.Самсалиевдин 100 жылдыгына карата "Аталарга таазим" аттуу жана 9-майга карата " Баатырларга таазим" видео-сабакты 9-класска Джекшембаева М.С өткөрдү. Алымбаева М.Б. 3-класска адабий сабагы боюнча "Чептен эрдин кучу бек", "Билебиз, жомок" жана мекен таануудан "Адамдын организми", адептен "Этика жана этикет" видеосабактарды уюштурду.

Окуучуну ЖРТ даярдоо боюнча ЖОЖ менен байланышып, мектепте ачылган курстарга 11- классынын окуучулары катышышты.

2021-2022 –окуу жылынын ноябрь айында мектепте " Мен жашоону сүйөм" деген темада Аламүдүн райондук социалдык педагогдорунун семинар-тренинги өткөрүлдү .

Декабрь айында мектепте "Китеп- үнсүз мугалим" деген темада Аламүдүн райондук китепканачылардын семинар-тренинги өткөрүлдү

Декабрь айында Байтик айыл өкмөтүнүн Коомдук алдын алуу борборунун тапшырмасы менен мектептер аралыгында окуучулар "Зордук -зомбулукка каршыбыз " аттуу сынакка катышып, орунга ээ болду.

**Стратегиялык максат №2** Бирдиктүү билим берүү жана тарбиялоо чөйрөсүн, инсандын өнүгүүсүн жана калыптануусун камсыз кылууда чыгармачылык үчүн шарт түзүү.

Бул стратегиялык максатта күтүлүүчү натыйжалар- Мектепте бардык кабинеттер заманбапка ылайыктуу жабдылышы жана техника каражат менен камсыздалышы керек. Кызматкерлер IT техникалык каражаттарды кенири колдонушат

2018-2019- окуу жылында таланттуу балдар менен мектептинийримдери иш алып барды. "Жаш кыял" ыр-хор кружогунун жетекчиси, музыка мугалими М. Т. Мамытованын даярдоосунда мектептин 10 классынын окуучусу Алмазканова А. райондук "Жоокер ыры" конкурсунда "Кыргызымдын жигиттери" аттуу ырын аткаргандыгы үчүн грамота менен сыйланды, 8класстын окуучусу Тологонова Н. "Мен Кыргызстандык

экендигиме сыймыктанам “ аттуу райондук сынагында “Чайкама” күүсүн аткаргандыгы үчүн грамота менен сыйланды. Ошол эле конкурста 5 класстын Олжочиева К. “Кыргызстан” аттуу ырды мыкты аткаркандыгы үчүн диплом менен сыйланды. Давыдов Ш.А. жетектеген “Кыз кербез” комузчудар тобу “Элдик талант” музыкалык долбоорунун женичүүсү болуп, диплом менен сыйланышты. ”Уз бийке” бий ийриминин жетекчиси Стамкулова А. мектептин кенже жана ортонку класстын кыздары менен 7 жылдан бери иштеп келе жатат. Быйыл бий ийримине 30 окуучу катышат. Актердук чеберчиликти үйрөтү үчүн драмалык ийрим иштеп жатат. Спорт (баскетбол, волейбол, фубол, теннис, шахмат ) ийримдер иштейт. Күрөш боюнча мектепте секция иштейт. Жылына биздин мектепте 23 февралда генерал С.Самсалиевдин урматына арналган оспүрүмдөр арасында греко-рим күрөшү боюнча эл аралык мелдештер жылына өткөрүлүп турат. Бул турнирде биздин окуучулар Эсенбаев Д., Сабатбекова Тунгучбеков У , МухтарбековА, Алмазбеков А женүүчүлөр болушту.

Ар бир предметник мугалим кабинеттерин жабдылышын жаныртуу менен мектептин тегерегин жашылдандыруу иштерин аткарып, окуучулар жана мугалимдер үчүн мектепти сүйгөн жайына айландырды.

2018-2019- окуу жылында 20 жылдык бүтүрүүчүлөр мектепке ар бир кабинетке видеокөзөмөл орнотуп беришти. Бул балдардын коопсуздугуна карата түзүлгөн жакшы шарттардын бири.

Мектептин мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу системасы аркылуу баалоонун жаны методу( модулдук система) ишке ашырылбай жатат. Бул пандемия учурунда окуучулар аралыкта окугандыгына байланыштуу болду.

2020-2021-окуу жылында билим берүү министрлигинин тарабынан мектепке 1 жаны компьютер, принтер,ксерокөчүро мектетин китепканасы үчүн билим берилди.

Биздин мектепке жаш мугалимдер сырттан келип иштешет. Бирок эмгек акысынын аз болгондугуна байланыштуу, башка жумушка иштөөгө аргасыз болушат. Жаш мугалимдер үчүн жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу бийлиги тарабынан шарттар түзүлгөн эмес.

2021-2022 окуу жылында январь айында демөөрчү К.А. Кожоналиевдин демөрчүлүгү менен компьютердик класс заманбап техника менен толук камсыз болду. Компьютердик класста 15компьютер, 15компьютердик стол, 2 интерактивдик такта, принтер орнотулду.

Окуучуларды китеп окууга болгон кызыгын арттыруу үчүн "Бирге окуйбуз" "Окуу керемет" долбоорунун негизинде иштер уланып жатат.

**Стратегиялык максат №3** Коопсуздук , сергек жашоону пропагандалоо жана ден соолукка кам көрүү
Бул стратегиялык максатта күтүлүүчү натыйжалар- Мектепте окуу шарттары жакшырат. Коопсуздук , сергек жашоону пропагандалоо менен бардык кызыкдар тараптан экологиялык, физикалык жактан коопсуздукта болот. Ооругандардын саны азаят.

2018-2019- окуу жылында мектептин тегерегинде 200 алма, өрүк бактар отургузулду. Жашылдандыруу максатында кабинеттерде ар турдуу гүлдөр өстүрүлүп турат. 2019 жылы демөөрчү Момункулов А.Э. демилгеси менен мектепте кичи футбол аянтчасы ачылды. Балдар футболго кызыгышып , райондук мелдеште 2 орунга ээ болушту. Мерсико проекттисинин негизинде 1-4 класстын окуучулары учун ысык тамак уюштурулган. Мектептин ашканасынын капиталдык ремонту Байтик айыл өктмөтү тарабынан жасалды. ИДН кызматкерлери менен тынымсыз иш жүрүп жатат, лекция, тегерек стол, жолугушуулар өткөрүлүп турат.

2019-2020 –окуу жылында COVID-19 алгоритми негизинде керектүү жабдуулар менен камсыз болду. Мектепке ички көзөмөл коюлду. Демөөрчүлөрдүн жардамы менен мектептин биринчи кабатында жаны эшиктер коюлду жана мектептин терезелери жаныртылды.

2020-2021 –окуу жылында мумкунчулугу чектелген балдарга пандус орнотулду. Мектептин авариялык абалда болгон сырткы даараткан асынын ордуна жаны дааракана салынды. Окуучулар райондук спартакиадага активдуу катышышып ,байгелуу орундарга ээ болушту.

2021-2022 окуу жылында бардык эскирген эмеректерди жаныртуу максатында проект жазылды. Орт коопсуздугун алдын алуу боюнча системаны жаныртуу боюнча огнетушителдердин саны көбөйдү жана өрт коопсуздугу учун щиттер жаныртылды.

"Атам, апам, мен –ынтымактуу үй-бүлө" күндөрдү өткөрүүнү март айына пландалды

**Стратегиялык максат №4** Ата-энелер жана демөөрчүлөр менен тыгыз байланыш түзүү.

Бул стратегиялык максатта күтүлүүчү натыйжалар- Башка билим берүү уюмдары менен кызматташуу. Мектеп, ата-эне, ар кандай социалдык топтор, өзүн-өзү башкаруу органдары менен байланыш жогорулайт. Мумкунчулуктөрү чектелген балдар билим алышат.

Мектеп , ата-энелер,өзүн-өзу башкаруу органдары менен тыгыз байланышта болуп, аралыктан окутуу учурунда үйдөн балдарга ата-энелер тарабынан камкордуктар көрүлдү. Ата-энелер балдарына телефон менен камсыз кылуу менен берилген тапшырмаларды үзгүлтүксүз аткарууга жардам беришти. Мугалим Джылкайдарова Н. 4- класстын окуучусу Абдраимов Жанболотту телевизор менен камсыз кылды.

2018 жылы мектептин ашканасынын эмеректери толугу менен Мерсико уюму тарабынан ( муздаткыч,камыр жууругуч,электр плитасы, идиш жуугуч раковиналар, нан бышыруучу шкаф) жабдылды. Мектепте окуучуларга берилген тамактануунун сапаты боюнча мониторинг жүргүзүлүп турат. Мерсиконун тамак –ашты көзөмөлдөө боюнча атайын адиси Кадырова А. окуучуларга берилген ысык тамактын сапатын текшерип, мектептин ашканасына жооптуу кызматкери менен тыгыз байланышта иш алып барат.

2019-2020-окуу жылында ЖОЖлар менен байланыштарды улантуу максатында, профориентация боюнча бүтүрүүчү класстын окуучулары менен иштер жүргүзүлдү. АгаХан фонддун жардамы менен атайын окутуучулар мектепке келип, жумасына эки жолу ЖРТгөө даярдоо сабактарын өтүшөт.

2020-2021 –окуу жылында мектептин экинчи кабатында терезелердин 80% алмаштырылды. Мектептин чатыры Чүй областык өнүктүрүү фондусунун проектиси менен толугу менен оторулду.

2022 –жылдын январь айынан баштап ата-энелер менен биргелешип, окуучунун билимин жана адептүүлүгүн келечекке карай туура багытта тарбиялоо учун мектепте “Энелер мектеби” уюштурулду. “Энелер мектеби” кенже, ортонку, жогорку топторго бөлүнүп ай сайын түзүлгөн пландын негизинде иш алып барат.

2022-жылдын январь айында мектептин капиталдык ремонтуна проект жазылды жана өткөрүлдү .

Мектеп директору Мамышова Т.А.